Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү

орто мектебинин кесиптик бирлик уюмунун жыйынынын

№1 токтому

18.01.22-ж Катышканы-35

Күн тартибинде каралуучу маселе

1.Профсоюз уюмунун жылдык отчету

2.Жаны жылга карата түзүлгөн иш планын кароо

Профсоюз уюмунун төрөайымы Токурова Н сөзгө чыгып, 2021-жылында аткарылган иштери боюнча маалымат берип өттү.Өз сөзүндө эмгек жамаатына жаңыдан кошулган профсоюз уюмунун мүчөлөрүнүн карточкалары түзүлүп, эмгек жамаатынын социалдык паспорту түзүлуп,профсоюз уюму ар бир мүчөнүн кызыкчылыгын колдоо менен иш алып баргандыгына токтолуп кетти.Эмгек жамаатына майрамдарда майрамдык кечелер уюштурулуп,белгиленип келди.Майрамдык кечелерге жана жайкы бир күндүк эс алууга шаардык профсоюз комитети тарабынан 12000 (он эки миң) сом акча каражыты бөлүндү.Мектеп ардагерлерине “Карысы бардын ,ырысы бар “демекчи майрамга карата акчалай турдө белектер берилди.

Жарыш сөзгө башталгыч класс мугалими Карабаева Раанагүл чыкты.

Угулду: Саламатсыздарбы,профком Токурова Наринсанын бир жылдык өтчетун уктук.Мектеп ичинде аткарылган иш чаралардан сырткары шаардык профкомдордун арасында өткөрүлгөн “Онлайн –тест”сынагына активдүү катышып,конкурс жеңүүчүлөрүнүн катарында болду.Баткен областтык профсоюз комитетинин”Ардак грамотасы”жана акчалай сыйлыкка ээ болду.Профсоюздун ишин канааттандыраарлык деп ойлойм.

Кийинки жарыш сөзгө башталгыч класс мугалими Исманова Бузейнеп чыкты

Угулду: Мен да Карабаева эжекенин сөзүнө кошулам, профсоюз уюму тарабынан

“Ковид-19”оор кырдаал мезгилинде да жардам уюштурулуп келди

Жогоруда айтылган сунуштарды угуп,талкуулап жыйын катышуучулар төмөнкүдөй чечим кабыл алат

Чечим:

1.Профсоюз уюмунун 2021-жылы аткарылган иштери канааттандыраарлык деп табылсын.

Экинчи маселе боюнча профсоюз уюмунун төрөайымы Токурова сөзгө чыгып 2022-жылына карата түзүлгөн иш планы менен тааныштырып өттү.Иш планын угуп ,талкуулап жыйын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кабыл алат

Чечим:

1. Мектеп кесиптик бирлигинин 2022-жылына карата түзүлгөн иш планы бекитилсин

Профком : Токурова Н
Катчы: Боркобаева Г _

Кызыл-Кыя шаарындагы №3 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү мектебинин баштапкы кесиптик бирлик уюмунун жыйынынын

№2 токтому

03. 03.2022-ж Катышканы-43

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1.Эмгек жамаатына майрамдык кечелерди уюштуруу

Маселе боюнча мектеп профкому Токурова Н сөзгө чыкты

Угулду: Саламатсыздарбы, урматтуу эмгек жамааты , алдыда майрамдар келе жатат. Профсоюз уюму тарабынан 8-март аялдардын эл аралык майрамына карата 3000сом (үч миң сом ) акча берилди.Майрамды кантип өткөзөбүз,кимде кандай сунуш болсо айтыңыздар .

Жарыш сөзгө башталгыч класс мугалими Пайзилдаева Зубайда чыкты.

Угулду: Жылына 8-март майрамына карата акча бөлүнөт. Ошол акчаны биз Нооруз майрамына карата уюшулган майрамга иштетип келебиз.быйыл да ошондой кылалы.

Кийинки жарыш сөзгө математика мугалими Боркобаева Гүлхан чыкты.

Угулду: Мен да Зубайда эжекенин сөзүнө кошулам .Нооруз майрамына карата жылдагыдай сүмөлөк кайнатсак .

Жогоруда айтылган ой-пикир сунуштарды угуп, талкуулап жыйын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кылат

Чечим:

1.Профсоюз уюму тарабынан майрамга карата берилген 3000сом(үч миң сом) акча мектепте өткөрүлүүчү Нооруз майрамында сүмөлөккө жумшалсын

Профком: Токурова Н

Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү мектебинин баштапкы кесиптик бирлигинин жыйынынын

№3 токтому

30.05.2022-ж Катышканы-38

Күн тартибинде каралуучу меселе:

1.Профсоюз уюму тарабынан эмгек жамаатынын балдарын жайкы эс алуу лагерине жөнөтүү.

Профсоюз уюмунун төрөайымы Токурова Н сөзгө чыкты:

Угулду: Урматтуу эмгек жамааты, жылдагыдай эле быйылкы жылы да эмгек жамаатынын балдарын жайкы эс алуу лагерине жөнөтүлөт.Бизге балдарды дагерге жөнөтүү боюнча кыргыз тили мугалими Кыпчакова Аширкандан арыз түшкөн. Эс алууга баруучулар боюнча өзүңүздөрдү сунушуңуздарды айтсаңыздар.

Жарыш сөзгө англис тили мугалим Көчөнова Гүлбарчын чыкты

Угулду: Балдарды эс алууга жөнөтүү боюнча Кыпчакова Аширкан эжеке кайрылыптыр,эжекенин кызы баруусун сунуштайм.

Кийинки жарыш сөзгө башталгыч класс мугалим Султанова Мээринса чыкты

Угулду: Эгерде эмгек жамаатынан эч ким баласын эс алууга баруусун сунуштабаса мен да Кыпчакова Аширкан эжекенин кызын сунуштайм .

Жогорудагы сунуштарды талкуулап жыйын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кылат.

Чечим:

1.Профсоюз уюму тарабынан балдардын жайкы 10 күндүк эс алуу лагерине Кыпчакова Аширкан эжекенин кызы Абдурахманова Мадина жөнөтүлсүн

.

Профком: Токурова Н

Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү мектебинин профсоюз уюмунун жыйынынын

№4 токтому

15.06 2022-ж Катышканы-36

Күн тартибинде каралуучу маселе:

Эмгек жамаатынан 2 адамды Ыссык –Көлгө эс алууга жөнөтүү

Маселе боюнча баштапкы кесиптик бирлигинин төрөайымы Токурова сөзгө чыкты:

Угулду: Урматтуу эмгек жамааты жайкы эс алууда эмгек жамаатыбыздан эки адамды эс алууга жөнөтөлү. 1 мугалим,1 тех кызматкерлеринен сунуштасаңыздар.

Жарыш сөзгө кыргыз тили мугалими Сайпидинова Уриниса чыкты

Угулду: Эс алууга тех кызматкерлеринен мектеп кароолчусу Турдубаев Абдулазизди жана мугалимдерден Карабаева Рана эжекени сунуштайм.Себеби экөө тең көп жылдардан бери эмгектенип келе жатышат.Мектепке кошкон салымдары көп

Кийинки жарыш сөзгө башталгыч класс мугалими Муллоянова Зульфия чыкты.

Угулду; Мен да Уриниса эжекенин сунушуна кошулам.Рана эжеке шаар ичинде өткөрүлгөн конкурс, иш-чараларга да өз салымын кошуп ,активдүү катышат.

Жогоруда айтылган сунуштарды угуп, талкуулап жыйын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кылат

Чечим:

1.Профсоюз уюму тарабынан уюштурулган Ыссык-Көлгө 3 күндүк эс алууга башталгыч мугалими Карабаева Раанагул жана мектеп кароолчусу Турдубаев Абдулазиз жөнөтүлсүн

Профком: Токурова Н

Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов мектебинин баштапкы
кесиптик бирлигинин жыйынынын

№ 5 токтому

18.09.2021-ж Катышканы-37

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1.Мугалимдердин кесиптик майрамын белгилөө.

Маселе боюнча баштапкы кесиптик бирлигинин төрөайымы Токурова сөзсүйлөдү.

Угулду: Саламатсыздрбы, урматтуу эмгек жамааты жакында мугалимдердин кесиптик майрамы келе жатат .Майрамдык кечени белгилөө боюнча ой,сунуштарыңыздарды билдирсеңиздер.

Жарыш сөзгө англис тили мугалими Көчөнова Гүлбарчын чыкты.

Угулду: Саламатсыздарбы? Кесиптик майрамыбызды жакшы маанайда белгилесек.Кырдаалга байланыштуу кээ бир майрамдар майрамдалбады, кафеде өткөзсөк деп сунуш берем.

Кийинки жарыш сөзгө профсоюз уюмунун маданият-массалык коммисиясынын башчысы Маккамбаева Ф чыкты.

Угулду: Майрамды шаарыбыздагы “Ак ниет ” кафесинде өткөзөлү деп ойлойм.Тынч таза,тамактары да даамдуу.Шаардык профсоюз комитети тарабынан да майрамга карата акча бөлүнөт.Ал акчага майрамдык столго таттууларды алалы.

Жогорудагы ой-пикир сунуштарды угуп, талкуулап жыйын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кабыл алат

Чечим:

1.Мугалимдердин кесиптик майрамы майрамдалсын.

Майрамдык кечени уюштуруу жагы Маккамбаева Ферузага жүктөлсүн.

Профком: Токурова Н

Катчы: Маккамбаева Ф

Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү

мектебинин баштапкы кесиптик бирлигинин жыйынынын

№ 6 токтому

21.12.2021-ж

Катышканы-30

Күн тартибинде каралуучу маселе Жаңы-Жыл майрамына карата эмгек жамаатына майрамдык кече уюштуруу.

Маселе боюнча профсоюз уюмунун төрөайымы Токурова Н сөз сүйлөдү.

Угулду: Урматтуу эмгек жамааты алдыбызда көптөн күткөн Жаңы-Жыл майрамы келе жатат.Майрамды өткөзүү боюнча оюңуздарды билдирсениздер. Шаардык профсоюз комитети тарабынан 3000сом (үч миң ) акча каражаты берилди.

Жарыш сөзгө башталгыч класс мугалими Калыкова Жылдыз чыкты.

Угулду: Саламатсыздарбы? Урматтуу эмгек жамааты, бизде дайыма мектепте белгиленип келинет.Быйыл да жылдагыдай өзүбүздүн актовый залында арчанын тегерегинде стол жасалгалап олтурсак.

Кийинки жарыш сөзгө орус тили мугалим Давляева Нуржамал чыкты.

Мен да Жылдыз эжекенин сөзүнө кошулам.Майрамды мектепте эле өткөзсөк. Эмгек жамаатынын катышуусуна да ыңгайлуу.Бөлүнгөн акчага ширindиктерди алабыз

Жогоруда айтылган ой-пикир, сунуштарды угуп, талкуулап эмгек жамааты төмөнкүдөй чечим кабыл алат

Чечим:

1.Эмгек жамаатынын Жаңы-Жыл майрамына карата майрамдык кече уюштурулсун.

Кечени өткөзүүнү уюштуруу жагы Маккамбаева Ферузага жүктөлсүн

Профком: Токурова Н

Катчы: Маккамбаева Ф